УДК 821.512.154

Искендербек кызы А.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ФОЛЬКЛОРДУК МОТИВДЕР ЖАНА ЭЛЕМЕНТТЕР

*Макалада XX кылымдын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун көркөм адабият, жазуучулук чеберчилик боюнча эстетикалык көз карашы иликтенүү менен, жазуучунун чыгармаларынын улуттук негизи ар кыл аспектте каралып, көркөм чеберчиликтин табияты каралат.*

XX кылымдын реалист жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолундагы дагы бир бийиктик («Жамыйла», «Жаныбарым, Гүлсары» повесттеринен кийинки) 70- жылдарда болгондугун белгилеп жүрөбүз. Нак ушул жылдары турмуш чындыгын чагылдырууда жазуучу улам жаны стилдик ыкмаларды, жаңы-жаңы көркөм каражаттарды издеп, адабий канондорду бузуп, өз мүмкүнчүлүгүн өжөрлүк менен ача берет. Нак ушул жылдардан тарта Ч.Айтматовдун фольклордук чыгармаларга карата мамилеси «ачыкка» чыгып, анын поэтикалык системасында кенири орун ала баштайт. Коом жана адам турмушунун эчен бир татаал карама-каршылыгы көркөм сөз чеберлеринен көркөм –эстетикалык, философиялык жаңы жалпылоолорду талап кылып жаткан маалда жазуучу элибиздин көркөм мурасынын тунук башаттарына эми аң–сезимдуу, ыраатуу кайрыла турган болот. Тарыхый тагдырына көчмөндүк жашоо тиричилик шыбагасы туура келген байыркы кыргыз элинин миң-миң түркүн санат–санжырасы, миф-легендасы, эпикалык бай фальклордогу гуманисттик пафос, адамдык бийик дух, кристаллдай таза рух, жазуучуну бир эсе таң калтырса, бир эсе көз уялткан жаркырактыгы менен өзүнө арбап алат. Ата-бабалардын акыл-оюнан жаралган элдик оозеки чыгармалардагы ойлордун дээрлик бардыгы бүгүнкү XX кылымдын көйгөйлүү маселелери менен унгулап келиши кантсе да чыгармачыл адам үчүн ойлонбой коюуга мүмкүн болбогон өзгөчө көрүнүш эле. Албетте, бул жерде бири-биринен принципиалдуу айырмачылыкка ээ эки учурдун башын ача кетүү жөн. Биринчиси, элдик оозеки чыгармачылыкты жанрдык көп түрдүүлүгүндө өзүнчө бир эстетикалык жана рухий баалуулукка ээ мурас катары карап, анын көркөм дүйнөсүнө чөгөрүлгөн ойлордун адилдүүлүгүнө, кишиликтүүлүгүнө жөн карды эле ыраазы болуу, ошону менен чектелүү.

Экинчиси, фольклорду реалистик адабиятка тартуу, анын кан –жанына синирип, синтездештирип, поэтикалык ачылыш жасоого жетиштүү, ал аркылуу реализмдин жаны мүмкүнчүлтөрүн ачуу. Ч.Айтматовго экинчи учур көбүрөөк жакын. Ал фольклордогу адамдын бийик рухуна, адилеттүү, кишиликтүү пафосуна сукtанып ошону менен гана чектелбестен, ал фольклордун адабиятка кирүүсүн активдештирди. Ошону менен бирге эле өз чыгармачылык тажрыйбасында фольклорду пайдалануунун универсалдуу үлгүсүн көрсөтүүгө жетишти. Өзүнүн берген интервьюларынын биринде «Чыгармага мифти кийирүүнүн кереги бар жана жок экенин жазуучунун ички туйгусу билет. Аны орунсуз эле кийире берсе, миф чыгармадагы негизги идеяга эч тиешеси жок, керексиз бир нерсеге айланат» дегени калетсиз чындык.

Айтматовдун поэтикасында жалаң гана мифтер колдонулбайт. Анын чыгармаларында элдик оозеки чыгармачылык түркүн түстө: анда элдик макал-ылакаптар, чечендик сөздөрдөн тартып миф, легенда, лирикалык ырлар, чакан жана мазмундуу, көлөмдүү жомоктор, айтор, бардыгын жолуктурууга болот. Аларды пайдалануунун көркөмдүк ыкмасы да ар түркүн.

Ч.Айтматовдун терен ишениминде «миф окурман учун кызыктуу болгондуктан, аны өзүнө тарткандыктан, дүйнө тууралуу окурмандардын билимине бир нерсе кошкондуктан, ал адабиятта болуш керек . Эгерде миф жөн эле жасалга болсо, эгерде ага деген муктаждык болбосо, анда ансыз эле абалдан чыгуу керек. Жазуучунун көркөм изденүү жолундагы элдик оозеки чыгармачылыкка карата тутунган эстетикалык принцибинин бири да ушул. Миф, жомоктордогу элдин тарыхый аң-сезими жараткан идеялар жазуучунун реалистик сүрөттөөлөрүнүн философиясын терендетип, ага бөтөнчө бир эмоциялык-эстетикалык кубат–энергия бере тургандыгы тууралуу буга чейин адабиятчылар тарабынан көп эле айтылды. Ч.Айтматовдун фольклор менен ачык мамилеси «Ак кеме» повестинен башталат. Жазуучу чыгармасынын бүткүл пафосун «Бугу эне» жөнүндөгү элдик жомокко жуурулуштуруп, анысы менен буга чейинки чыгармаларынан кескин айырмалуу жаны поэтикалык ыкма жаратат. Ошону менен реалисттик адабияттын чагылдыруу мүмкүнчүлүгү кенири, аналитикалык мүнөзү чексиз экендигин дагы бир жолу далилдейт.

Фольклорго кайрылуу Ч.Айтматовго окшогон таланттуу жазуучуга эмне берди? Жогорудагы суроого тагыраак жана туура жооп табуу Айтматовдун эстетикалык көз карашына экскурс жасоосуз дегеле мүмкүн эмес.

Демек, фольклорго, дегеле көркөм сөз өнөрүнө карата Ч.Айтматовдун түпкүлүктүү принцибин, эстетикалык көз карашын андап-үйрөнмөйүнчө, жазуучунун поэтикасындагы миф, легендалардын маани-манызын түшүнүп, ага реалдуу баа берүү мүмкүн эмес экендигинен улам анын адабий- эстетикалык көз карашына кайрылуу зарылчылыгы туулду. Сүрөткердин «Дүйнө бизди жаныртат, биз дүйнөнү жаныртабыз» ж.б. публицистикалык жыйнактарындагы көптөгөн башка маселелерге тиешелүү учурларды быякка коё туруп, анын адабиятка, фольклорго, «Манас» эпосу жана манасчыларга карата эстетикалык коз караштарын карап чыкканыбызда төмөндөгүлөр аныкталды:

- Ч.Айтматовдун адабий ишке олутту маани берери, ал үчүн көркөм адабиятка тиешелүү баардык маселелердин (темадан баштап, проблема, образ, поэтика, метод таасир ж.б. чоңу же кичинеси жок экендиги;
- Көркөм чыгарманын борборунда дайым Адам, анын тагдыры, жашоосу турары боюнча өзүнө чейинки адабий–теоретиктердин эстетикасын улантуу менен бүгүнкү күндүн адабиятынын алдында адам рухун өркөндөтүү, өстүрүү, ачуу, ага кишиликтүү , гумандуу идеяларды калыптандыруу, өзүнө ишенимин кайтарып берүү экендигине олуттуу мамиле жасары Ч.Айтматовдун адабият менен искусствонун түбөлүктүү маселелери жөнүндөгү кылдат, баамчыл көз караштан жаралган илимий- теориялык пикирлери мезгилдин агымы менен өзүнүн проблемалык актуалдуулугун эч бир жоготпостугу;
- Фольклор жазуучунун көз карашында байыркы элдин гана мүдөө- талаптарын канагаттандырып аракет талаасынан чыгып кетчү эстетикалык кубулуш эместиги, андагы философиялык ойлор бүгүнкү күндүн глобалдуу маселелерин чечүүгө активдүү катышууга жөндөмдүү экендиги;
- «Жаныбарым, Гүлсары» повестиндеги фольклордук сюжет - биз буга чейин белгилеп келгендей, каармандын ички драматизмин курчутуп көрсөткөн поэтикалык каражат эле эмес, ал чыгарманын бүткүл идеалык мазмунуна жуурулушкан мифологема, белгилүү бир тарыхый мезгилдеги саясий–экономикалык, моралдык-этикалык жоготууларды туюндурган автордук концепция. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы фольклордун улуттук чеги жок, ал универсалдуу мүнөзгө ээ. Айрым учурда бир эле сюжетке эки элдин миф, легендасын синтездеп колдоно билет. Жазуучу айрым учурда карандай рационалдуулуктан ан-сезимдүү түрдө качып, реалдуу турмуш чындыгын мифтик метафора аркылуу терең философиялуу чагылдырууга жетишет.

Ч.Айтматов өзүнүн улуттук фольклорунун сыйкырдуу дүйнөсүнө канчалык терен сүңгүп кирген сайын анын рухий талаптары башка, кээде улуттун кыртышына дегеле жакын коошпогон элдердин фольклоруна умтулаарын, ошонусу менен фольклордук

интернационализи жаратууга жетишкендигин «Кыямат» романы далилдеди. Айтматовдун фольклорго жасаган өзгөчө мамилеси бүгүнкү күндө жалаң гана көркөм сөз чеберлеринин көнүлүн элдик оозеки чыгармачылыктын салттарына бурдурбастан, дегеле, жалпы эле окурман журтунун көнүлүн фольклорго бурдурууга аргасыз кылды, фольклорду «жаныча» окууга түрткү болду.

Дагы бир жагдай, Ч.Айтматовдун көркөм тажрыйбасы менен фольклор адабиятка жаныча жолдор менен куюла баштады. Ал адабияттын образдык-идеялык сферасына кирди, прозалык деталдардын булагына айланды. Кылымдардын кыйырындагы маселелерди таанып- билүүгө аларды бүгүнкү мезгилдин проблемаларына үндөштүрүп, айкалыштырып нрава –этикалык сабак алууга азыркы күндүн адамына жардамга келди. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын идеялык терен мазмунун, философиясын, дегеле, поэтикасын ар тараптуу илимий иликтөгө алуу маселеси дагы эле болсо адабиятчы, сынчы, философ, маданият таануучу ж.б. нечендеген муунунун алдында турганы турган.

Адабияттар:

1. Үкүбаева Л. Чынгыз Айтматов жана фольклор. - Бишкек, 2002.
2. Үкүбаева Л. Чынгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз. - Бишкек, 2004.
3. Үкүбаева Л. Чынгыз Айтматов жана кыргыз адабияты. - Бишкек, 2012.
4. Садыков А. Чынгыз Айтматовдун публицистикасы. - Бишкек, 2007.
5. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века, том 2. - Бишкек, 2013.